чечим күчүнө кирген күндөн 15 күндөн кем эмес убакытта, ижара акысынын өзгөргөндүгү тууралуу Ижарага алуучуга жазуу түрүндө билдирет.

10. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 334-беренесине ылайык. Ижарага берүүчү Ижарага алуучуга _______ сом суммасында жер салыгын алат.

11. Ижара акысын өз убагында төлөбөсө Ижарага алуучу кечиктирилген ар бир күн үчүн жалпы карыздын суммасынын 0,2 пайызы өлчөмүндө туумдарды төлөйт.

## 4. Келишимди колдонуу мөөнөтү, аны өзгөртүү жана токтотуу шарттары

12. Ушул Келишим ыйгарым укуктуу органда каттоодон өткөн учурдан тартып күчүнө кирет.

13. Ушул Келишимге киргизилүүчү бардык толуктоолор жана өзгөртүүлөр тараптар тарабынан кошумча макулдашууга кол коюу аркылуу жазуу жүзүндө жүргүзүлөт. Кошумча макулдашуу ыйгарым укуктуу органдын каттоосунан өткөндөн кийин күчүнө кирет.

14. Ушул Келишим төмөнкү себептер боюнча күчүн жоготот:

- Келишимди колдонуунун мөөнөтүнүн акыркы күнү бүткөндөн кийин, эгерде ошол убакыттын ичинде келишим узартылбаса;

- Ижарага берүүчү менен Ижарага алуучунун өз ара макулдашуусу боюнча Келишим бузулган учурда;

- тараптардын биринин талабы боюнча сот тарабынан келишим мөөнөтүнөн эрте бузулган учурда;

- Ижарага алуучу - юридикалык жак жоюлган учурда;

- Ижарага алуучу болуп саналган адам өлгөндө, ал аракетке жөндөмсүз, аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген же дайынсыз жоголду деп таанылган учурда.

15. Ижарага берүүчүнүн талабы боюнча сот тарабынан ижара келишими мөөнөтүнөн эрте бузулат, эгерде Ижарага алуучу:

- Келишимдин шарттарын же мүлктүн максаттуу багытын бузуу менен ижара объектисин пайдаланганда;

- конкурстун жыйынтыгы боюнча кабыл алынган милдеттенмелер аткарылбаса же талаптагыдай эмес деңгээлде аткарылса;

- муницыпалдык мүлктү субижарага берсе;

- Келишимде белгиленген мөөнөт өткөндөн кийин эки жолудан ашуун катары менен ижара акысын төлөбөгөндө;

- пайдалануу процессинде ижаралык объекттин техникалык мүнөздөмөсү же функциялык өзгөчөлүктөрү начарласа, же аны оңдоого мүмкүн болбогондой, талкаланышына алып келгендей жабыркаса, аларды жок кылуу үчүн калыбына келтирүү-оңдоо иштерин жүргүзүүнү талап кылса;

- Ижарага берүүчүнүн ишине тоскоол келтирсе же анын иши Ижарага берүүчү үчүн жагымсыз финансылык, өндүрүштүк жана техникалык кесепеттерге алып келсе.

16. Ижарага алуучунун талабы боюнча сот тарабынан Ижара келишими мөөнөтүнөн эрте бузулат, эгерде ижарага берүүчү:

- Ижарага берүүчү мамлекеттик мүлктү колдонууга бербесе же Келишимдин шарттарына жана мүлктүн дайындалышына ылайык ижаралык объектти колдонуу үчүн тоскоолдук кылса;

- Ижарага алуучуга берилген мамлекеттик мүлк Келишимди түзүү учурунда Ижарага берүүчү тарабынан сүйлөшүлбөгөн, Ижарага алуучуга мурдатан белгисиз болгон жана алар ижаралык объектини кароо же келишимди түзүү учурунда же